КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ
ЧЕК-АБАД
АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН
ЧЕК-АБАДСКИЙ
АЙЫЛ ОКМОТУ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

28.05.24 № 01-13/111 Кочубаев айылы

**Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2024-жылдын 26-апрелиндеги "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу жөнүндө" №52-94 буйругун айыл өкм өкмөтүндө аткарууга алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-майындагы "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча айрым чаралар тууралуу" №293 токтомун ишке ашыруу жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2024-жылдын 26-апрелиндеги "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу жөнүндө" №52-94 буйругун айыл өкмөтүндө аткарууга алуу максатында **буйрук кылам**:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2024-жылдын 26-апрелиндеги "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу жөнүндө" №52-94 буйругу аткарууга алынсын.

2. Коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмеги тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Айыл өкмөтүнө тийешелүү коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмегин иштеп чыгып, бекитишсин; -коррупцияга каршы аракеттенүү жана анын себептерин жоюу боюнча ишчараларды жүргүзүшсүн.

4. Кварталдын жыйынтыгы боюнча отчеттук мезгилден кийинки айдын 10нан кечиктирбей маалыматтар райондук мамлекттик администрациясына берилип турулсун.

5.Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары-жооптуу катчы С.А.Худайбердиевага жүктөлсүн.

Башчы Ж.И.Колдошов

Чек-Абад айыл өкмөтүнүн

2024-жылдын 28-майындагы

№ 01-13/111

буйругуна тиркеме

Коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын

ТИЗМЕГИ

| № | Мамлекеттик органдын функциясы (ыйгарым укуктары) | Коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлар жана кырдаалдар | Коррупциялык тобокелдиктин категориясы: системалуу (реалдуу), потенциалдуу, кырдаалды | Коррупциялык тобокелдиктин деңгээли (төмөн, орто, жогору) | Түзүмдүк бөлүмдүн (аймактык же ведомстволук бөлүмдүн, мекеменин) аталышы | Коррупциялык тобокелдикке кабылган кызмат орундары | Башка мамлекеттик органдарда/жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциялык тобокелдиктин пайда болушу мүмкүнбү (ооба болсо, кайсы экенин көрсөтүңүз) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Калкты турак-жай менен камсыздоо максатында жер тилкелерин ажыратып берүү | Турак-жай куруу учурунда берилүүчү жер тилкелери | Потенциялдуу | Орто | Айыл аймактары | Айыл өкмөт башчылары жана жер адистери | |
| 2 | Коомдук саламаттыкты сактоодо сапаттуу, натыйжалуу, коопсуз дары каражаттарына жана медициналык буюмдарга жеткиликтүүлүктү жакшыртуу | Операция болоор алдында же болгондой кийин | Потенциялдуу | жогорку | Потенциялдуу Жогорку Саламаттык сактоо мекемелери | Врачтар | |
| 3 | Калкты тейлөөдө | Документтерден | Кырдаалдык | Орто | Калкты тейлөө | Кызматкерлер | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | сапаттуулукту жакшыртуу жана натыйжалуу ишмердуулук | катачылыктар кеткен учурда | | | мекемеси | | |
| 4 | Жерге болгон мулк укуктарды каттоо, кыймылсыз мулкко кубелуктерду беруу | Кубелуктерду даярдоодо жана берууде | Кырдаалдык | Орто " | Кадастр" мамлекеттик мекемеси | Кызматкерлер | |

Жооптуу катчы С.А.Худайбердиева